**Бекитемин**

**Мектеп директору**

**Кенжегулова О.А.**

______________

**2022-2023-окуу жылындагы китепканачылардын жылдык иш планы**

**Иштин максаты:**

1. Китепканага көбүрөөк окурмандарды тартуу, окууга болгон сүйүүнү тарбиялоо жана жетектөө.

**Негизги максаттары:**

- китепканалык маалыматтык-библиографиялык кызматтар аркылуу, мектептин билим берүү процессин жана окуучулардын, мугалимдердин өз алдынча билим алышын жайылтуу;
- окуучулардын маалымат маданиятын жана китеп окуу маданиятын калыптандыруу;
- жеке жана массалык китепкана ишинин салттуу жана салттуу эмес формаларын өркүндөтүү, анын ичинде интернет булактарын пайдалануу;
- окуучуларды дүйнөлүк жана улуттук маданияттын баалуулуктары менен тааныштыруу;
- китеп фондусун жана окуу китептеринин фондусунун иштөө тартибин колдоо.

**Иштин негизги багыттары**

**I. Окурмандар менен иштөө**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Максатуу жылдык план түзүү, бекитүү | Жыл башында |
| 2 | Китепкананын абалын жакшыртуу, жашылдандыруу, жасалгалоо, окуучуларга ыңгайлуу шарттарды түзүү | Дайыма |
| 3 | Окуу залындагы окурмандарга кызмат көрсөтүү: мугалимдерге, окуучуларга. | Дайыма |
| 4 | Окумармандарды кызыктыруу | Дайыма |
| 5 | Жаңы катталган окурмандар менен китеп окуу маданияты жөнүндө маектешүү жүргүзүү, китепке жана окуу куралына келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Дайыма |
| 6 | Китеп берүүдө, китеп жөнүндө маалымат берүү | Дайыма |
| 7 | Окугандыгы тууралу сүйлөшүү жүргүзүү | Дайыма |
| 8 | Жаңы китептер, энциклопедиялар, мезгилдүү басылмалар жөнүндө сунуштар | Мүмкүнчүлүкө жараша |